**УДК 070.1/4**

**КЕРИМОВА Б.Ж.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**KERIMOVA B.J.**
*J.Balasagyn KNU*

# «БИРИНЧИ РАДИОНУН» ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ЖАНРДЫК АР ТҮРДҮҮЛҮГҮ

## Жанровое разнообразие программ «Биринчи радио»

## Genre diversity of "Birinchi Radio" programs

***Аннотация:*** *Бул макалада "Биринчи радио" коомдук радиоканалынын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү каралган. Ошондой эле, радио берүүлөрдүн жанрдык түрүнө өзгөчө көңүл бурулган. Түрдүү жанрлардан турган радио программаларына таолдоо жүргүзүлдү.*
***Аннотация:*** *В статье рассматриваются особенности становления и развития общественного радиоканала "Биринчи радио". Особое внимание уделяется жанровому разнообразию радиопрограмм. Проведен анализ радиопрограмм, которые представлены самыми разнообразными жанрами.*
***Annotation:*** *The article discusses the peculiarities of the formation and development of the public radio channel "First Radio". Particular attention is paid to the genre of radio broadcasting. An analysis of radio programs in various genres was conducted.*
***Урунттуу сөздөр:*** *радио, журналистика, жанр, программа, маалымат каражаттары, угарман, эфир.*
***Ключевые слова:*** *радио, журналистика, жанр, программа, маалымат каражаттары, слушатель, эфир.*
***Key words:*** *radio, journalist, genre, program, the media, listener, ether.*

Негизинен журналистикадагы, анын ичинде радиожурналистикадагы жанрлар системасы ар түрдүү тарыхый, илимий-техникалык, коомдук-саясий факторлордун, шарттардын таасиринен улам калыптанып, өсүп-өнүгүп, өзгөрүлүп турат. Мындай процесс учурда деле калыптануу жана өнүгүү жолундамурдагы өткөн тенденцияларды кайталоо менен жаңы формаларды өздөштүрүүгөөттү.

Журналистиканын негизги жанрлары массалык маалыматкаражаттарынын алгачкысы болгон басма сөздө калыптанып, өсүп-өнүгүүгө дуушар болду. Ал эми радиожурналистикадагы жанрлардын көпчүлүгү басма сөздөн алынышы закон ченемдүү көрүнүш.

Советтик радиожурналистканын тарыхынан белгилүү болгондой, советтик радионун алгачкы регулярдуу массалык уктуруулары радиогазетадан башталган. Бул ошол учурдагы «аралыксыз жана кагазсыз газетаны» ишке ашыруу максаты болгон эле. Бирок, жанрлардын газеталык түрүн радио «өз үйүнө» алып кирүүгө

канчалык аракет кылбасын, бул жаңы массалык маалымат каражатынын акустикалык жаратылышы өзүнө болгон жаңыча мамилени, форманы, демек жанрлардын жаңыча тобун калыптандырды. Учурда газетадагы информация, интервью, очерк деги эле жанрлардын кандай гана түрү болбосун радиожанрлардан кескин түрдө айырмаланып, ар бири өз багытында, өз тармагында, өзүнө тиешелүү милдеттерди аркалап иш алып барып келишүүдө.

Илимий-техникалык прогресстин болуп көрбөгөндөй жетишкендиктери, бүткүл дүйнөлүк глобалдуу информация түйүнү – Интернет башында турган, спутникалык, цифралык интерактивдүү маалымат булактарынын пайда болушу маалыматтын маани-маңызынын, баасынын жогорулашына алып келди. Ошого карабай, ар бир массалык маалымат каражаттарынын, маалымат түйүндөрүнүн коомдо өзүнө тиешелүү орду аткарган милдети, көтөргөн жүгү аныкталды.

Мына ошол массалык маалымат каражаттарынын ичинен радио өзүнүн уникалдуулугу менен айырмаланып, коомго маалымат таркатып келүүдө.

Кыргызстандын аймагында элге маалымат таркатуу жагынан алып караганда Кыргыз радиосу, анын ичинде “Биринчи радио” алдыда десек жаңылышпайбыз. Себеби, калктын басымдуу бөлүгү мына ушул радиолордуугуп, маалымат менен камсыз болуп келишет. Аны биз радионун ар бир уктурууларынан баамдасак болот. Мына ошол “Биринчи радионун” программаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрүн айтаардан мурда анын кыскача тарыхына кайрылсак.

Деги эле эгемендүүлүк жылдарындагы кыргыз радиожурналистикасына кайрылсак, мамлекеттик, улуттук, жана ошондой эле учурда коомдук болуп калган маалымат радиосу 90-жылдардан 2006-жылга чейин “Кабарлар” – жаңылыктар кызматы жана “Кыргызстан” маалымат- талдоо программалары чыгармачыл өндүрүштүк бирикмелери болуп өз-өзүнчө эки редакция болгон. Ал эми 2006- жылдын июнь айынан тарта азыркы компьютердик база түзүлүп, аталган эки маалыматтык өндүрүштүк чыгармачылык бирикме жайгаштырылган. Бара- бара эки редакция бириктирилип, “Кыргызстан” маалымат-аналитикалык программалар башкы редакциясы болуп калды. Бул учурда FM 106.9 жыштыгында “XX1 кылым радиосу, кийин “Белес радиосу” аталган жана FM

107.3 жыштыгында “Миң кыял FM” радиолорун кошпогондо, Кыргыз радиосунун маалыматтык, адабий, музыкалык уктуруулары бир гана жыштыкта обого чыгып турган.

Ал эми 2009-жылдын 6-июль айынан баштап FM 106.9 жыштыгында “Кыргыз радиосу” чыга баштагандан тартып, FM 104.1 жыштыгындагы “Кабарлар” радиосунда күнүгө таңкы саат 5тен, саат 24.00гө чейин 19 саатка чейинки көлөмдөгү маалыматтык уктуруулар өз ишин баштаган.

Мына ушул “Кабарлар” радиосу 2011-жылдын 1-январынан «Биринчи радио» деп аталып, ал жалпы республикага тараган эң биринчи орундагы маалыматтык радио болуп калды.

«Биринчи Радио» All Talk Radio же «Баардыгы жөнүндө», тактап айтканда саясий, экономикалык жана маданий, спорт жаңылыктарын суткасына 19 саат бою обого чыгып, бүтүндөй өлкөнүн аймагына бардык маалыматтарды, өз учурунда, так жана толук жеткирүүчү жалгыз гана радио болуп эсептелет.
Радионун программалык саясаты да угармандар күткөн маалыматтардын оперативдүүлүгү жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо. Станциянын негизги мүдөөсү- зарыл маалыматтарды таркатуучу ишенимдүү маалымат таркатуу булагы катары, угарман журттун ишенимин камсыз кылып, “бийликтеги чакан топтун кол баласына айланган канал” –деген түшүнүктөн арылды. Ошондой эле, “Биринчи радионун” башкы мүдөөсү улуттук азчылыктар ортосунда, муундар арасында жана бардык конфессиядагы адамдарды жакындаштыруу үчүн көп кырдуу багыттагы, эң бир түйүндүү маселелерди козгогон: жакырчылык көйгөйлөрүнөн тартып, саламаттыкты сактоо, билим берүү, атактуу жана карапайым адамдардын бейнеси тууралуу түрдүү тармакты камтыган уктурууларды даярдоо менен турмушка жакын болуу башкы милдети болупсаналат.
«Биринчи Радиодо» эфирди тарыхый, эксклюзивдүү репортаждар жана кыргыз радиосунун “Алтын казынасындагы” уникалдуу материалдар менен байытуу мүмкүнчүлүгү бар. Биздин радионун эфиринде чет элдик жана орусиялык атактуу саясатчылар, экономисттер, ишкерлер, коомдук ишмерлер, артисттер жазуучулар жана спортчу жана башка атактуулардын үндөрү жаңырып, элдин көңүлүн өзүнө бурдуруп келүүдө.
Аталган радиону учурда белгилүү журналист Таалайгүл Сыдыкбековажетектеп, орус, кыргыз редакцияларын чогуу эсептегенде 21 штаттык бирдик бар. Алардын ичине: Башкы редактор, баяндамачылар, комментаторлор жана кабарчылар кирет. Ал эми режиссёрлор болсо өзүнчө режиссёрлор тобуна караса,айдоочулар автоцехке карайт.

**«Биринчи радионун» жыштыктары:**

1. Бишкек FM 104.1 2. Ысык-Көл FM 102.4 3. Нарын FM 100.5 4. Ош FM 100.7 5. Баткен FM 104.2 6. Жалал-Абад FM 104.7 7. Талас FM 102.0 8. Чүй FM 104

Аталган радио алгачкы башталыш катары төмөндөгү максаттарды белгилейт:

- Кыргызстандын медиа рыногунда күнү-түнү обого чыккан негизги жана жалгыз гана маалымат каналы болуп калуу;
- Эфирге чыгуунун сапатын арттыруу үчүн радио толкундарын берүүчү жаңы технологияларды өздөштүрүү;
- Программа түзүү саясатын, аудиториянын кызыкчылыгына шайкеш келтирүү.

Мына ушундай максаттарды алдына коюу менен бирге “Биринчи радио” өзүнө маалыматтык, аналитикалык жана көркөм публицистикалык жанрларда уктурууларды даярдап келет.

Деги эле, радиодо маалыматтык жанрлар системасы манилүү ролду ойнойт. Жанр – адабий өсүштүн тарыхый узак жолунда жаралган ар кыл чыгармалардын тигил же бул окшош, жакын белгилеринин негизинде обочолонгон атайын топтору, типтери. «Жанр» термин катары XVI кылымдан бери колдонулганына карабастан алигиче так илимий аныктама ала элек, аталышын француз тилинен кыргызчалаганда «тек», «түр», «уруу» деген маанилерди билдирет. Адабият, журналистика, искусство ж.б. тармактарда ар башка формада кеңири колдонулат.

Жанрды тигил же бул чыгармачыл тапшырманы аткаруудагы ал же тигил материалдарды уюштуруу, топтоо формасы катары кароого болот. Ар бир ишмердүүлүктүн негизине ар түркүн адамзаттык керектөөлөрдү канааттандыруу милдети жүктөлгөн. Андыктан, мейли адабият болсун, журналистика же искусство тармагы болсун алардагы ар бир жанр коом үчүн, анын кызыкчылыгы, табити үчүн кызмат кылат. Практика далилдегендей, жанрдын келип чыгышы, калыптанышы, пайдаланышы негизинен анын функционалдык маанисине көзкаранды.

Журналистиканын маалымат каражаттарына, анын жалпы жанрлар системасына таасирин тийгизген дагы бир фактор – коммуникациялык техниканын өнүгүшү. Аталган фактордун негизинде радионун өнүгүүсүнө сапаттык жаңылыктарды киргизген студиялык үн жазууну, ага удаалаш монтаждоону кароого болот. Буга жараша, радиого гана тиешелүү радиорепортаж, радиоочерк, сүрөттөмө, радиофильм сыяктуу жана башкажанрлардын келип чыгышы шартталды. [1,102]

Радиожурналистиканын жанрлар системасы өнүгүү жолунда жана мезгилшартына жараша өзгөрүлүп турат. Учурда жанрлар ортосундагы так кесе айырмачылыктарды, чекти байкоого болбойт, экөө таптакыр бөлөк деп эсептелген жанрлардын дагы бири-бирине жакындоосу, бирин-бири толуктоосу башталды. Теорияда бул абалды «жанрлар диффузиясы» деп аташат. Мындай абалда жанрларды классификацияга ажыратууда жана бирдиктүү тегиз жанрларсистемасын түзүүдө жетиштүү негиз болуш керек.

Радиожурналистиканын учурдагы системалар жанрын өз ара топ катарыкароого жана таанууга төмөндөгү белгилер жардам берет:

- радионун ММК катарындагы орду;
- коммуникациялык каналдын акустикалык өзгөчөлүктөрү;
- жанрлардын ички өнүгүүсүнүн закон ченемдүүлүгү жана өз ара катышы.

Муну менен катар радиоберүүлөрдүн формалык белгилеринин өнүгүүсү, жанрлардын өнүгүүсү менен тең катар болгонун тарых айгинелейт. Форманын негизделишинин эң башкы белгиси – ар түрдүү жанрдагы берүүлөрдүн, программалык каналдардын болушу. Форма түзүүчү негизги факторлор:

- уктуруу көлөмүнүн туруктуулугу;
- эфирдик көлөмдүн туруктуулугу;
- автор, алып баруучулардын катышы;
- жанрдык көп түрдүүлүгү;
- жасалгалоо (музыкалык, дабыштар ж.б.);
- эфирге чыгуу мезгилдүүлүгү.

Белгилей кетүүчү нерсе, ар башка жанрлардын ар түрдүү методун, формасын башкача айтканда, элементтерин өзүнө камтыган жанрлардын функциясы татаалырак болот. Мисалы:

а). Сүрөттөмө – андагы интервьюнун элементтери окуянын кырдаалын кененирээк түшүнгөнгө, баяндаманын элементтери окуяга баа бергенге жардам берет.

б). Репортажда интервьюнун катышы угарманга өткөн же болуп жаткан окуянын кызыктуулугун арттырып, репортажды толук, так маамыламттар менен камсыздаганга көмөк көрсөтөт. [2, 34-36]

А бир жанрдын өзүнө тиешелүү аймагы, тактап айтканда диапозону болот. Ал диапозондор тигил же бул жанрлардын өзгөчөлүгүнө жана чыгармачылык тапшырманы аткаруудагы милдеттерине жараша ар түрдүү, кеңири же кууш, узун же кыска болушу мүмкүн.

Учурдун талабына ылайык иш алып барган азыркы радиожурналистикада функционалдык-предметтик белгилери боюнча жанрлар төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт: [3, 55-60]

1. ***Информациялык жанрлар:***
   - радиобилдирүү;
   - информациялык корреспонденция;
   - басма сөзгө обзор;
   - информациялык радиоинтервью;
   - радиоотчет;
   - информациялык радиорепортаж.
2. ***Аналитикалык жанрлар:***
   - аналитикалык радиоинтервью;
   - аналитикалык радиокорреспонденция;
   - аналитикалык радиорепортаж;
   - радиорецензия;
   - кат;

- радиомаек;
- радиокомментарий;
- радиобаяндама;
- радиодискуссия;
- радиоречь;
- радиодогу журналисттик иликтөө.

3. ***Документалдуу – көркөм жанрлар:***

- радиоочерк;
- радиосүрөттөмө;
- радиоаңгеме;
- радиофельетон;
- радиокомпозиция.

Аталган топтордогу жанрлардын жайгашышы алардын формаларынын структуралык түзүлүшүнө карай аныкталган. Жанрдагы жаңычыл формалар дагы жөнөкөйдөн татаалды көздөй өнүгөт. Мисалы, төмөндөгү бөлүштүрүүдө, информациялык жанрлардын айрым бир түрлөрүн аналитикалык жанрлардын арасында да кездештирип жатабыз. Бул алардын аткаруучу милдеттеринин татаалдаша, кеңейе баштаганынын белгиси.

Эфирде угулуучу формасына карата дагы жанрлар төмөндөгү топторго бөлүнүшөт:

1. ***Монологдуу жанрлар***: радиобилдирүү; басма сөзгө обзор; радиоотчет; радиокорреспонденция; кат; радиорецензия; радиокомментарий; радиобеседа; радиоречь; радиосүрөттөмө;
2. ***Диалогдуу жанрлар:*** радиоинтервью; радиомаек; радиодискуссия;
3. ***Синтетикалык жанрлар:*** радиоотчет; радиокорреспонден - ция, радиорепортаж; радиорецензия; радиобаяндама; радиоочерк; радиосүрөттөмө; радиоаьгеме; радиофельетон; радиокомпозиция.

Жанрлар арасында катаал чек аралар жок. Журналисттик чыгарманын милдетине карай, максатка жетүүнүн ыңгайлуу жолу изделип, тигил же бул жанр, же болбосо алардын аралашкан түрү колдонула берет. Ошону менен катар эле, ар бир жанр өз алдынча суверендүү. Орус окумуштуусу М.М.Бахтин жанрлардын өз ара катышы тууралуу төмөндөгүлөрдү айткан: «Жаңы пайда болгон жанр, эч убакта мурдагы жанрды жокко чыгара албайт. Ал кандай гана артыкчылыктарга ээ болбосун, мурдагы жанрларды толуктап, жанрлар системасындагы жаңы багыттарга шарт түзөт. Бирок, жаңы жанр эски жанрлардын функционалдык чек араларын тактап, өз милдеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн аңдап-таанышына түрткү болот» [4, 42]

А бирок, жанрлардын бири-бири менен болгон катышы, байланышы өтө динамикалуу. Андыктан, алар ар түрдүү багыттан, аспекттен каралышы абзел.

Мына ушул жогоруда аталган жанрларды колдонуу менен "Биринчи радионун" уктурууларын обого чыгарып келет.
Мисалы радиодогу "Күндүн темасы", "Шак жүрүш" уктуруулары көбүнчө ток-шоу жанрында берилип келет.
Ал эми ток-шоу жанрына токтолсок, бул жанр кийинки учурларда радио жана телекөрсөтүүдө кеңири колдонулган жанрлардын бири болуп эсептелет. Батыш ММК да ток-шоу-"сүйлөшүү аркылуу спектакльди тартуулоону" түшүндүрөт. Жанрдын белгилери-жеңил, эркин сүйлөшүү, алып баруучунун актердук чеберчилиги жана аудиториянын сөзсүз болушу эсептелет. Ток-шоу англис тилинен сөзмө-сөз которгондо talk "маектешүү", show- "көрсөтүү" дегенди түшүндүрөт. Сөздүктө да ток-шоу студияга чакырылган адамдардын катышуусу менен кандайдыр бир маселени талкууга алып чыккан жанр катарында аныкталат.[5, 839]
Жанрда диалогдук коммуникация жеңил, бирок драматизмдин элементтерине ээ болгон оюндун дэңгээлинде ишке ашат. Ошол эле учурда ток- шоу-бул журналистика, анткени бул каармандар менен алдын ала даярдалбаган, импровизацияга толгон, жогорку чеберчиликтеги баарлашууну шарттайт. Ошентип, учурда ток-шоунун өнүгүшүнүн айрым тенденцияларын белгилесек болот: 1) оюн-зоок көңүл ачуучу; 2) агартуучулук багыттагы: 3) саясий, экономикалык жана социалдык маселелерди талкуулаган ток-шоу программалары.
Башка жанрлардан айырмаланып ток-шоу олуттуу маселени талкуулоодо да актёрдук оюндун элементтерин активдүү колдонот, бирок мындай учурда алып баруучунун талкууланып жаткан маселе боюнча эрудициясы, чечендиги, тапкычтыгы чечүүчү мааниге ээ.
Мына ушундай өзгөчөлүктөр менен обого чыккан жогорудагы уктуруулар ар күн сайын коомдогу көйгөйлүү маселерди аудитория менен кошо талкуулап келет. Мында уктуруунун алып баруучулары өз ишин мыкты билген кесипкөй журналисттер десек да болот. Себеби аталган ток-шоу жанрында дал ушул алып баруучунун деңгээлинен көп нерсе талап кылынат. Ошондой эле бул эки уктуруу ток-шоу жанрынын үчүнчү тенденциясы болгон саясий, экономикалык жана социалдык маселелерди талкуулаган ток-шоу программалары болуп эсептелет.
Ал эми "Биринчи радиодогу" "Кыргызстан" уктуруусу көбүн эсе маалыматтык жанрларда иш алып барып келет. Аталган уктурууда радиобилдирүү; информациялык корреспонденция; информациялык радиоинтервью; радиоотчет; информациялык радиорепортаж колдонулат.
Ошондой эле аталган радиодогу "Радиоклиника" программасы форматы жагынан таанып-билүүчүлүк, агартуучулук болуу менен бирге өзүнө маалыматтык да аналитикалык да жанрлардын элементтерин камтыйт.
"Дин жана маданият", "Коом жана коопсуздук" программаларында да маалыматтык, көркөм публицистикалык жана аналитикалык жанрлар камтылат.

Дагы бир “Коом жана коопсуздук” уктуруусунда маалыматтык жана ошондой эле ток-шоу жанрлары колдонулуп обого чыгып келет.
Жогоруда аталган радиожурналистикадагы ар бир жанрдын элементтери “Биринчи радионун” ар бир уктуруусунда камтылып, коомго тартууланууда.
“Биринчи радионун” программаларынын жанрдык жактан калыпка салынып турушу уктуруунун эффективдүүлүгүн арттырууга шарт түзөт. Радиодо иштеген ар бир журналист өзүнүн материалдарын даярдоодо тигил же бул жанрды тандап алууга аракеттенет жана ал жанрдын талаптарына ылайык, демек угарманга жагымдуу, көнүмүш формага салууга умтулат. Радио чыгармачылыктын башка түрлөрүнөн айырмаланып, бир жактуу же “жансыз” жашоону четке кагат да, эки же андан көп тараптуу байланыш, карым-катнашты жөндөөчү маалыматтык байланыш каражаты катары иш алып барат.
Учурда радиостанцияларда тигил же бул берүүнүн пайда болушуна жана анын жашап кетишине радиоугармандар өздөрү түздөн-түз түрткү болуп, радиостанциянын ишине кийлигише алат. Радиостанция дагы өзүнүн максаттуу аудиториясын тактап, аны изилдеп, ал кызыккан берүүлөрдү даярдоого кызыкдарболууда.
“Биринчи маалымат Радиосунун” уктуруулары жогоруда белгиленгендей ар кыл жанрды өзүнө камтыйт. Саясий, экономикалык жана социалдык темаларды ачып көрсөтүү “Күндүн темасы” жана орус тилинде “Тема дня” долбоору менен ишке ашат. Бул уктуруу кезегинде түз эфирде жүргүзүлүүчү маектердин башаты катары кызмат кылып, алгач “Кыргызстан” деген ат менен 2001-жылы май айында жумасына бир жолу эфирге чыга баштаган. Анда негизги максат коомдогу орчундуу жана проблемалуу окуяларды, учурдагы курч маселелерди түз эфирде эксперттер, тиешелүү тармактын өкүлдөрү, угармандар менен бирге талкуу эле. Учурунда кайсы бир тармактагы олуттуу маселелерди чечмелөөдө жана анын айланасындагы маанилүү жана угарман кызыккан суроолорго жооп издөөдө, ошондой эле туура так маалыматтарды берүүдө бул уктуруу өз максатына жетип, угармандар арасында кызыгуу жаратты. Бул багытта уктурууну ар тараптан байытып, угармандар менен байланышты чыңдоого аракет кылган жана түз эфирдин жоопкерчилигин сезип, теманы толук талдап эфирге чыгуу зарылдыгы бийик жоопкерчиликти талап кылат.
Мындай форматта иштөө аудиторияны экинчи пландагы окуяларга алагды кылбастан, башкы маанилүү окуянын тегерегинде кармап турууга мүмкүнчүлүк берет. Бул уктуруу күн ичиндеги маанилүү маселенин жыйынтыктоочу учуру башкача айтканда кульминациясы десек болот. Мындай маселени чагылдырууда радио оперативдүүлүгү жана жана угармандын пикирин да угууга мүмкүн болгондугу менен айырмаланат. Мында түз эфир дагы чоң рольойнойт.
Азыр бардык эле массалык маалымат каражаттарында эл аралык стандартты сактоо менен эки, же үч тараптын пикирин чагылдырган

маалыматтык маанайдагы сюжеттер жана репортаждарга талап күчтүү болуп келет. Бирок, Биринчи радиодо айрым учурда таанып-билүүчүлүк багыттагы жана Мамлекеттик структуралардын мамлекеттик саясаттын негизинде жүргүзүпжаткан иш аракеттерин чагылдыруу мүнөздүү. Андыктан мындай учурда айрым жагдайлар эл аралык стандарттан кыйгап өтүшү мүмкүн. Бул кыргыз радиожурналистикасында калыптанып калган жана бул кайсы бир эл аралык стандартты таануу катары кабыл албашыбыз керек.

Бүгүнкү күндө өтө олуттуу көңүл буруууларга туш болуп жаткан жана аудиториясы жагынан башка радиолордон бир топ алдыга кеткен Биринчи Радио болуп саналат. Ага жогорудагыдай коомдук-саясий, экономикалык жана социалдык тематикадагы программалар жана уктуруулары мисал боло алат. Дагы бир өтө чоң жоопкерчиликти талап кылган милдети бул радио-маалыматтыкрадио болгондугунда. Мына ушул жоопкерчиликти сезүү менен бирге радионун жалпы жамааты элге кызмат өтөп келүүдө.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Фрунзе. 1969. 102-бет
2. Смирнов В. Аналитическая журналистика: жанры радиовещания в контексте массовых коммуникаций. Ростов-на-Дону, 1994.34-36-беттер
3. Ярошенко В. Информационные жанры радиожурналистики. М., 1987. 55-69-бб
4. Смирнов В.В. Жанры радиожурналистики. М., 2002. с.42-б
5. Новый словарь иностранных слов-Минск: Современный литератор, 2005.С. 839


***Рецензент: Абдикеримова Ж.Т.*** *– кандидат политических наук, доцент БГУ им. К.Карасаева.*